# МУНАРАДАГЫ КИЧИНЕКЕЙ АДАМ

**ХАРУН ЯХЬЯ**
**(АДНАН ОКТАР)**

Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı
"Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.

**1. Baskı:** Ocak, 2002
**2.Baskı**: Aralık, 2009

**ARAŞTIRMA**
**YAYINCILIK**

Talatpaşa Mah. Emirgazi Caddesi
İbrahim Elmas İş Merkezi
A Blok Kat 4 Okmeydanı - İstanbul
Tel: (0 212) 222 00 88

Baskı: Seçil Ofset / 100. Yıl Mahallesi
MAS-SİT Matbaacılar Sitesi
4. Cadde No: 77 Bağcılar-İstanbul
Tel: (0 212) 629 06 15

**www.harunyahya.org - www.harunyahya.net**

# МАЗМУНУ

**КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ: ЗАТТЫН АРТЫНДАГЫ СЫР**
**ТЕМАСЫ ВАХДЕТИ ВУЖУД ЭМЕС**
Сыртта зат бар, бирок биз заттын
өзүнө жете албайбыз

**КИРИШҮҮ**

**МЭЭДЕГИ КИЧИНЕКЕЙ ДҮЙНӨ**
Сыртта жарык жок
Көргөн көз эмес
Сырткы дүйнө менен сиздин араңыздагы үч баскычтуу дубал
Өз денебиз жана түштөрүбүз

**МУНАРАНЫН ЧОКУСУНДАГЫ КИЧИНЕКЕЙ АДАМ**
Мунара жана чокудагы жабык бөлмө

**МУНАРАГА ИШЕНҮҮНҮН ЛОГИКАСЫЗДЫГЫ**
Сезим жана элес даражасында жаратылган зат
Материализм: дүйнө жашоосунун чындык деп
кабыл алынган сырттан жоромолу
Мейкиндик түшүнүгүнүн жоголушу
Аллах аныктаган себеп-натыйжа байланыштары

**ЖЫЙЫНТЫК**

**ТИРКЕМЕ I- МУНАРАДАГЫ АДАМ ЖӨНҮНДӨ ЖОРОМОЛДОР**
Учурдагы илимпоз жана ойчулдардын
бул жөнүндө жоромолдору

**ТИРКЕМЕ II- ЭВОЛЮЦИЯ ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ**

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 30000 сүрөттү камтыган жалпысы 45000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 60 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Куран-ы Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия

тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# ОКУРМАНГА

• Бул китепте жана башка эмгектерибизде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 150 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл. Кээ бир окурмандарыбыз балким бир гана китебибизди окушу мүмкүн. Ошондуктан ар бир китебибизде бул темага кыска болсо да бир бөлүмдө токтолуу ылайыктуу көрүлдү.

• Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

•Түшүндүрүүдө колдонулган ыкластуу, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу боюнча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

• Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

• Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

• Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ

# ЗАТТЫН АРТЫНДАГЫ СЫР ТЕМАСЫ ВАХДЕТИ ВҮЖУД ЭМЕС

Заттын артындагы сыр темасы кээ бир адамдардын каршы чыгышына себеп болууда. Бул адамдар бул теманын өзөгүн туура эмес түшүнүшкөндүктөн, бул теманы вахдет-и вүжут көз-карашы менен бир деп айтышууда.

Эң алгач баса белгилеп айта турган нерсе, бул чыгармалардын автору эхли сүннөт ишенимине абдан бекем жана вахдет-и вүжуд пикирин жактабайт. Мындан тышкары, вахдет-и вүжут пикиринин Мухйиддин Ибн Араби сыяктуу улуу Ислам ааламдары тарабынан жакталганын да унутпоо керек.

Важдет-и вүжут пикирин түшүндүргөн көптөгөн маанилүү Ислам аалымдары өтмүштө бул китептерде орун алган кээ бир темаларды тефеккүр кылып (терең ойлонуп), баяндаганы чындык. Бирок бул китепте түшүндүрүлгөндөр вахдет-и вүжут пикири менен бир эмес.

Мисалы, вахдет-и вүжут пикирин жактагандардын кээ бирлери туура эмес ойлорго кабылышып, Куранга жана эхли сүннөт ишенимине карама-каршы кээ бир ойлорду айтышкан. Мисалы, Аллах жараткан нерселерди толугу менен жок дешкен. Ал эми, заттын артындагы сыр темасын түшүндүрүүдө мындай пикир такыр айтылбайт. Бул тема Аллахтын бүт нерселерди жаратканын, бирок жараткан нерселеринин оригиналын Аллахтын көрөөрүн, адамдардын болсо бул нерселердин мээлеринде пайда болгон сүрөттөлүштөрүн гана көрө алаарын айтууда.

Биз көргөн бардык нерселер, тоолор, чуңкурлар, гүлдөр, адамдар, деңиздер, кыскача айтканда, биз көргөндөрдүн баары, Аллах Куранда бар деп билдирген, жоктон жаратканын айткан бүт нерселер, жандыктар жаратылган жана бар. Бирок, адамдар бул жандыктардын оригиналын сезим органдары аркылуу көрө албайт, сезе албайт жана уга да албайт. Адамдардын көргөн жана сезгендери – бул нерселердин мээлериндеги копиялары. Бул илимий бир чындык жана бүгүнкү күндө медицина факультеттери баш болуп бардык окуу жайларында окутулган бир тема. Мисалы, азыр бул текстти окуган бир адам бул тексттин оригиналын көрө албайт, бул тексттин оригиналына тийе албайт. Бул тексттин оригиналынан келген жарык адамдын көзүндөгү кээ бир клеткалар тарабынан электрдик импульска айландырылат. Бул электрдик импульс мээнин арка тарабындагы көрүү борборуна барып, бул борборду аракеттендирет. Жана адамдын мээсинин аркасында бул тексттин сүрөттөлүшү пайда болот. Башкача айтканда, сиз азыр көзүңүз менен көзүңүздүн алдындагы бир текстти окуп жаткан жоксуз. Бул текст сиздин мээңиздин арка тарабындагы көрүү борборунда пайда болууда. Сиз окуган текст

– бул мээңиздин арка тарабындагы «копия текст». Бул тексттин оригиналын болсо Аллах көрөт.

Жыйынтыктасак, заттын мээбизде пайда болгон бир элес болушу аны «жок» абалга алып келбейт. Бирок бизге адам тынымсыз мамиледе болгон заттын табияты жөнүндө маалымат берет жана бул маалымат – заттын оригиналы менен эч кайсы адамдын мамиледе боло албашы (аны көрүп, угуп, ага тийе албашы) жөнүндөгү чындык.

Бул чындык Идеализм, матрица философиясы жана заттын чыныгы жүзү аттуу китебибизде мындайча айтылган:

## Сыртта зат бар, бирок биз заттын өзүнө жете албайбыз!

Зат элес деп айтуу – зат жок деп айтуу эмес. Тескерисинче, биз көрсөк да, көрбөсөк да заттык бир дүйнө бар. Бирок биз бул дүйнөнү мээбиздин ичинде бир копия, башкача айтканда сезүү органдарыбыздын жоромолу катары көрөбүз. Ошондуктан, зат – биз үчүн элес.

Дагы бир айта кетчү жагдай, заттын бар экенин бизден башка көргөн жандыктар да бар. Аллахтын периштелери, жазып туруучу катары милдеттендирген элчилери да бул дүйнөгө күбө болушууда:

**Анын оң жана сол тарабында отурган эки жазуучу жазып жатканда Ал сөз катары (кандайдыр бир нерсе) айткан болсо, сөзсүз жанында даяр бир көзөмөлчү бар. (Каф Сүрөсү, 17-18)**

Баарынан маанилүүсү эң башта Аллах бүт нерсени көрүүдө. Бул дүйнөнү бардык майда-чүйдөлөрү менен бирге Аллах жараткан жана Аллах бүт нерсеси менен бирге көрүүдө. Куран аяттарында мындайча кабар берилүүдө:

**... Аллахтан коркуп (күнөөдөн) сактангыла жана билип койгула, Аллах кылгандарыңарды көрүүчү. (Бакара Сүрөсү, 233)**

**Айт: «Мени менен араңарда күбө катары Аллах жетиштүү; шексиз Ал пенделеринен толук кабардар, көрүүчү.» (Исра Сүрөсү, 96)**

Мындан тышкары, Аллахтын бүт окуяларды «Левх-и Махвуз» аттуу китепте жазылуу сактаганын унутпаш керек. Биз көрбөсөк да булардын баары Левх-и Махвузда бар. Бүт нерсенин Аллах Кабатында Левх-и Махвуз аттуу «Негизги Китепте» сакталуу экени мындайча билдирилүүдө:

**Шек жок, ал – Биздин кабатыбызда болгон Негизги Китепте; абдан бийик, өкүм жана хикмат (терең акыл) толо. (Зухруф Сүрөсү, 4)**

**...Кабатыбызда (булардын баарын) сактап-коруган бир китеп бар. (Каф Сүрөсү, 4)**

**Асманда жана жерде апачык болгон китепте (Левх-и Махвузда) орун албаган жашыруун эч нерсе жок. (Немл Сүрөсү, 75)**

# МУНАРАДАГЫ КИЧИНЕКЕЙ АДАМ

## КИРИШҮҮ

**Кандай бир дүйнөдө жашап жатасыз?**

Катуу бир жердин үстүндө, ичинде адамдар, дарактар, деңиздер же имараттар бар, үстүнөн булуттар сүзүп жүргөн, андан жогоруда ири бир космос боштугу жайылган бир дүйнөбү бул жер?

**Сиз болсо бул дүйнөнүн ичиндеги миллиарддаган адамдын бирөөсүсүзбү?**

Эгер бул суроолорго «ооба» деп жооп берсеңиз, жаңылышасыз.

Эгер бул суроолорго «ооба» деп жооп берип жатсаңыз, анда сиз абдан маанилүү бир чындыкты өмүр бою билмексен болуп келе жатсаңыз керек.

Себеби сиз жогоруда сүрөттөлгөндөй бир дүйнөдө жашап жаткан жоксуз. Чынында дүйнөңүз бир топ кичине. Бул дүйнөнүн ичинде миллиарддаган километрдик аралыктар жер жарык жылы алыстыгындагы галактикалар мындай турсун, бир канча метрдик бир алыстык да жок. Сиз негизи абдан кичинекей жана жабык бир жерде жашап жатасыз: ири бир мунаранын чокусундагы кичинекей, эшиги кулптанган бир бөлмөдө. Бул бөлмөдөн өмүр бою эч чыккан эмессиз. Бул бөлмөнү таштап эч жерге бара алган эмессиз. Болгону бөлмөнүн дубалдарына чагылтылган ар кандай сүрөттөрдү, адамдарды, жерлерди көрдүңүз. Бөлмөнүн ичиндеги жашыруун колонкалардан чыккан үндөрдү уктуңуз. Чынында мунаранын төбөсүндөгү бул кичинекей бөлмөдө сизден башка эч ким жок. Жападан жалгызсыз!

Бул мунара сиздин денеңиз, бул мунаранын чокусундагы кичинекей бөлмө (б.а. сиздин дүйнөңүз) болсо мээңиз.

Мээңиз сиз ичинен эч качан чыга албай турган жабык бир бөлмө; себеби сиз өзүн көрүп жатам дегендериңиздин баары чынында мээңиздин көрүү, угуу же тийүү борборлорунда сезген кабылдоолоруңуз гана. Эч качан кабылдоолоруңуздан ары өтүп, «чыныгы затка», сырттагы заттын өзүнө эч жете албайсыз. Мээңиздин көрүү борборуна келген электрдик сигналдарды көрүп, эч качан бул сигналдардын чыныгы булагын көрө албайсыз. Жабык бөлмөңүздүн дубалындагы кино пардасын көрүп, бирок эч качан пардадагы сүрөттөлүштөрдүн өзүнө жете албайсыз.

Бул китепте сизге ушул чындыкты айтып беребиз. Бул жерде айтылгандар ушул күнгө чейин сиз көнүп калган көп пикир менен түшүнүккө карама-каршы келет болуш керек. Бирок бул жерде айтылгандар философиялык бир көз-караш же башкача бир жоромол эмес, илим ачкан далилдерге таянган анык бир чындык.

Ушул себептен, көнүмүш пикирлерге таянбастан, акыл жана логика менен ойлонгондо, бул чындыкты жокко чыгаруу мүмкүн эмес.

Жана унутпаңыз: чындыкты билмексен болуу, ойлонбоо адамдарга эч пайда алып келбейт. Эгер адам «жок мен жабык бир бөлмөдө эмес, ири бир ааламдын ичиндеги бир планетанын үстүндө жашап жатам» десе, муну далилдеши керек. Далилдей албай туруп, мындай пикирге сокурдук менен ишенүү адамды жаңылыштыктарга гана түртөт.

# I- МЭЭДЕГИ КИЧИНЕКЕЙ ДҮЙНӨ

Адамдар абдан ынанымдуу көрүнгөн сүрөттөлүштөргө алданышы жана бул сүрөттөлүштөрдү «чыныгы зат» деп ойлошу мүмкүн.

Тарыхтагы алгачкы «кино көргөзмөсү» мунун кызык бир мисалы. 1895-жылы Огюст жана Луи Люмьер (Auguste ve Louis Lumierez) аттуу эки француз тапкычтар Парижте жасаган алгачкы көргөзмөдө станцияны көздөй келе жаткан бир поезддин көрүнүшү пардага чагылтылган, бирок салондогу көрүүчүлөрдүн көпчүлүгү поезд бизди тебелеп кетет деп коркуп паникада сыртка качышкан.

Бул мисалдан да көрүнүп тургандай, бир сүрөттөлүштү «чындык» деп ойлошуңуз ал сүрөттөлүштүн сапаты менен түз байланышта. Алгачкы жолу бир кино пардасын көргөн адамдар, бул ал доор үчүн абдан жогорку бир технология болгондуктан, көргөн поездди «чыныгы» деп ойлошуп, паникага түшүшкөн. Бүгүн болсо мындай таасир голограмма (үч өлчөмдүү сүрөттөлүш) пайда кылган атайын көз айнектер жардамы менен алынууда. Бул көз айнекти кийген адамдар көз алдында пайда кылынган санариптик (виртуалдык) дүйнөнү чындыктай кабыл алышып, ошого жараша реакция көрсөтүшүүдө. Бирок ошол кезде мунун толугу менен санариптик бир сүрөттөлүш экенин анык билишүүдө.

Ал эми биз «чыныгы дүйнө» деп атаган сүрөттөлүштөрдүн өзгөчөлүгү эмне? Булар дагы жогорку сапаты менен бизди жаңылткан голограммалар болушу мүмкүнбү?

Бул суроонун жообун табуу үчүн эң биринчиден «көрүүнүн» эмне экендиги жөнүндөгү маалыматтарыбызды кайрадан эстешибиз керек.

## Сыртта жарык жок

Бүгүн илимпоздор акыркы илимий жетишкендиктерге таянып, жеткен кызыктуу бир чындык бар: дүйнөбүз чынында чымкый караңгы. Себеби бүгүн жарыктын бүтүндөй субъективдүү бир түшүнүк экендиги, б.а. адамдардын мээсинде бир кабылдоо катары пайда болоору белгилүү болду. Чынында сырткы дүйнөдө жарык жок. Чырактарыбыз да, машина фаралары да, эң чоң жарык булагыбыз болгон күн да чынында жарык чыгарбайт.

Күн менен башка «жарык булактары» ар түрдүү толкун узундуктарында ар түрдүү электромагниттик бөлүкчөлөрдү чыгарат. Бул бөлүкчөлөр түзүлүшүнө жараша ар кандай таасирлерди пайда кылат. Бул таасирлер бөлүкчөнүн көлөмүнө, салмагына, ылдамдыгына, жыштыгына жараша өзгөрөт.

Мисалы, көптөгөн радиоактивдүү бөлүкчө денебиздин ичинен өтүп кетет. Аларды коргошун катмар гана токтото алат. Бул бөлүкчөлөрдүн кээ бирлери ушунчалык оор жана энергия алып жүргөндүктөн, көбүнчө сүзгөн молекуланы талкалап жолунан көп кыйшайбастан жолун улантышат. Бул радиациянын ракка

жол ачышынын түбүндөгү себеп. Алсызыраак бир радиация түрү болгон рентген жарыктарынан пайдалануу менен рентген машиналары өндүрүлгөн. Бул машиналар жасаган жумуш радио толкундар пайда кылган таасирди «көзгө көрүнчү жарыкка» айлантуу, б.а. көзүбүз кабыл ала турган абалга келтирүү.

Радио толкундар курамында бөлүкчө болбогондуктан, сүзүшүү учурунда адамга зыян беришпейт. Бул толкундарды эч бир сезимибиз кабылдабайт, бирок үйүбүздөгү радиолор буларды кулактарыбыз уга турган үн толкундарына айлантат. Радиодо бир берүү жок кезде угулган чыжылдактар негизи күн менен бүт жылдыздар тарабынан аалам башталгандан бери жайылган космостук фон радиациясынын «үнү». Бул жерде «үн» деген сөз – бул толкундардын радиолорубуз тарабынан иштетилип, кулактарыбыз тарабынан угула турган абалга келтирилген соң мээбизде пайда болгон кабылдоо.

«Жарык» деп аталган кабылдоого булак болгон фотондор болсо бир топ жеңил бөлүкчөлөр жана көбүнчө биринчи сүзгөн атомдон чакышат. Болгондо да, сүзгөн жерине көп да зыян беришпейт. Жыштыктары, б.а. титирөө ылдамдыктары себебинен көбүрөөк энергия алып жүргөн ультра-кырмызы нурлар терибизден өтүшү мүмкүн жана кээде генетикалык кодубузда бузулууларга себеп болушу мүмкүн. Белгилүү сааттарда күн нурунун астында көпкө туруунун ракка себеп болушу ушул себептен.

Жыштыктарынан улам инфракызыл деп аталган фотондор болсо сүзгөн жерине энергияларынын бир бөлүгүн таштасат жана ал жердеги атомдордун титирөө ылдамдыгын, б.а. температурасын жогорулатышат. Бул жагынан инфракызыл нурлар жылуулук нурлары деп да аталышат. Чокко айланган бир көмүр меши жана бир электрдик меш көп санда инфракызыл нур чыгарат. Бул нурлар терибиз тарабынан ысыктык сезими катары кабылданат.

Кээ бир фотондордун жыштыгы мына ушул ультра-кырмызы менен инфракызыл нурлардын арасында калган. Булар көзүбүздүн артындагы торчо катмарына түшкөндө ал жердеги клеткалар тарабынан электрдик сигналга айлантылат. Биз болсо чынында бир бөлүкчө гана болгон фотондорду «жарык» катары кабылдайбыз. Эгер көзүбүздөгү клеткалар фотондорду «жылуулук бөлүкчөлөрү» катары кабылдаганда, анда биз үчүн жарык, түс жана караңгылык деп аталган түшүнүктөр эч качан болмок эмес, заттарды караганыбызда алардын «ысык» же «муздактыгын» гана сезмекпиз.

## Көргөн көз эмес

Бул жерге чейин радиация түрлөрү жөнүндө мындай илимий түшүндүрмөлөр жасашыбыздын себеби – булардын «жарык» деп аталган бир таасир пайда кылбашын түшүнүү үчүн эле. Бул радиоактивдүү бөлүкчөлөр кыймылдашат, сүзүшөт, чакышат, кээде сындырып же бузушат, физикалык жана химиялык

таасирлерди пайда кылышат. Бирок алар пайда кылган таасирлердин эч бирин жарык деп атоого болбойт.

Биз бул бөлүкчөлөрдүн кээ бирлерин «жарык нурлары» деп аташыбыздын жалгыз себеби – булардын көзүбүз тарабынан кабылданышы. Көзүбүздүн артындагы торчо катмарына түшкөн фотондор ал жердеги кабылдоо клеткалары тарабынан электрдик зарядга айлантылат. Бул электр заряды нервдер тарабынан мээдеги көрүү борборуна алып барылат. Мээдеги көрүү борбору бул электрдик заряддарды жоромолдоп бир сүрөттөлүш пайда кылат.

Бул системаны караганыбызда кызыктуу бир жыйынтыкка барабыз: негизи көзүбүздүн «көрүү» өзгөчөлүгү жок. Көз фотондорду электрдик зарядга айлантуучу бир ортоңку элемент гана. Көрүү жөндөмү жок. Бизди курчап турат деп ойлогон жаркыраган дүйнөнү көз көрбөйт. Жарык же түс сезими көздөй пайда болбойт.

Муну жакшыраак түшүнүү үчүн көрүү процессин илимий жактан тереңирээк карайлы.

Биз ар бир жыштыктагы (толкундагы) фотондорго бир түс аталышын беребиз. Фотондун толкун узундугуна жараша кызыл, көк же сары дейбиз. Бүт жыштыктардын биригиши ак түстү пайда кылат. Кагаз ак, себеби бүт жыштыкты чагылтат жана булардын биригиши акты түзөт. Жалбырак жашыл, себеби жашыл түс сезимин берген жыштыктагы фотондорду гана чагылтат, калганын сиңирет. Айнек тунук, себеби фотондор дээрлик эч кандай тоскоолдуксуз айнектин ичинен өтүп, бизге жете алышат. Кара бир кездеме бүт фотондорду сиңирип алгандыктан, артка эч нерсе чагылбайт. Б.а. ал жерден көзүбүзгө фотондор келбейт, биз болсо аны караңгылык, б.а. кара деп кабылдайбыз. Күзгү сүрөттөлүштү копиялайт, себеби чагылтуу бети жылмакай жана келген нурлар сүзүп чакыганда бир-бирине болгон параллелдүүлүгү дээрлик эч бузулбайт.

Бул маалыматтар жарык, караңгылык, жашыл, тунук сыяктуу түшүнүктөрдүн мээде пайда болгон кабылдоодон гана турган, салыштырмалуу түшүнүктөр экенин көрсөтүүдө. Чынында сырткы дүйнөдө жарык да, түс да жок. Биз ошондой жоромолдогон радиация түрлөрү гана бар. Жоромол толугу менен бизге тиешелүү. Көздөгү бир жаңылыштык же түзүлүштөгү бир айырмачылык келген фотондорду башкача электрдик сигналдарга айлантып, мээдеги көрүү борбору бирдей өзгөчөлүктө болсо да, көз тарабынан айландырылган сигналдар бир эле нерсенин такыр башка башка кабылданышына себеп болот. Түс көрлөрү (дальтоник) менен кадимки адамдардын белгилүү түстөрдү ар башка кабылдашынын жана жоромолдошунун себеби ушунда.

Кыскасы, биз жарык же түс катары жоромолдогон фотон кыймылдары чымкый караңгы бир дүйнөдө ишке ашкан физикалык окуялар гана. Көз да кошо, бүт денебиз жана үч өлчөмдүү, түркүн түстүү болуп көрүнгөн, кээ бир адамдар сөзсүз бар деп санаган бүт материалдык аалам ушул караңгылыктын ичинде орун алган.

## Сырткы дүйнө менен сиздин араңыздагы үч баскычтуу дубал

Көңүл бурулган болсо, илим тапкан бул жыйынтыктар бизге абдан маанилүү бир чындыкты көрсөтүүдө: биз сырткы дүйнөдөгү заттын өзүн эч качан көрүп, сезе албайбыз.

Мисалы, көрүп жаткан телевизорубуздун өзүн эч качан көрө албайбыз. Бизге бул телевизордон чыгып келген же аны сүзүп чагылган фотондор гана жетет. Булар жарык эмес, бөлүкчөлөр. Бир дубалды сүзгөн теннис тобунун артка чакышы жана биздин ушул топту гана көрүшүбүз сыяктуу бир жагдай, бул. Ушул баскычта эле телевизордун өзүнөн бир баскыч айрылган болобуз. Фотондор көзүбүзгө келип торчо клеткаларын сүзгөндө болсо, ал жердеги энзимдер тарабынан электр энергиясына айлантылышат. Б.а. телевизордун өзүнөн дагы бир баскыч (экинчи баскыч) айрылабыз. Бул электр энергиясы нервдер тарабынан мээбиздеги сүрөттөлүш (көрүү) борборуна жеткирилгенде, дагы бир жолу өзгөрүүгө дуушар болот жана биз «сүрөттөлүш» деп атаган формага келет. Бул үчүнчү баскыч. Бир баскыч да «чыныгы телевизор» менен биздин арабызды бөлүүгө жетиштүү, бирок бул толук үч баскычта, үч жолу болот.

Бир мисал берсек, бул бир-биринин арасында эшиктер бар, 3 бөлмөнүн ичиндеги 3 киши менен бузук телефон оюнун ойноого окшошот. Сиздин кулагыңызга шыбыралган сүйлөмдү чындап биринчи киши айтты болду бекен, же экинчи же үчүнчү киши муну өзгөртүп жеткирди бекен; үчүнчү киши муну бүтүндөй өз оюнан чыгарды бекен; буларды эч анык биле албайсыз. Биринчи менен экинчи кишинин чынында эмне айтканын да так биле албайсыз.

Муну мындан да жакшыраак түшүндүргөн башка бир мисалды карайлы: сизди бир эксперимент үчүн 1 жылга сырткы дүйнөгө бүтүндөй жабык бир жер төлөдөгү бөлмөгө камашты дейли. Сырткы дүйнө менен алдыңыздагы бир телевизор экраны аркылуу гана байланыш курасыз дейли. Бөлмөгө кирип телевизорду күйгүзгөндө, мындай бир текстти көрдүңүз: «бул экранда сиз көрө турган сүрөттөлүштөр Африка материгине жайгаштырылган камералардан түз алып берилүүдө. Бул камералар алган сүрөттөлүштөр түз эфирде спутниктерге берилип, спутниктерден бул бөлмөнүн үстүндөгү антендерге жөнөтүлүп, ал жерден сиздин экраныңызга берилүүдө».

Бул тексттин туура же туура эмес экенин эч качан так биле албайсыз, себеби сүрөттөлүш берилген ар баскычта сүрөттөлүштүн жасалма бир булактан келиши ыктымал. Африка материгинде тартып жатат деп айтылган камералар чынында көп жылдар мурда тартылган бир видео-кассетаны көрсөтүп, спутник аркылуу бул кассета сизге келип жаткан болушу мүмкүн. Ал тургай, эч кандай камера жана спутник жок туруп эле, сизге жаныңыздагы бөлмөдөгү бир видеомагнитофондон кассета көрсөтүлүп жаткан болушу мүмкүн. Африка материгине өзүңүз бармайынча

муну так биле албайсыз. Бирок бөлмөдөн чыга албайсыз, демек Африкага барып окуялардын «өзүн» да эч көрө албайсыз.

Ошого карабастан, бул бөлмөгө кирээрден мурда тышкы дүйнө жөнүндө билген маалыматтарыңыз менен бул бөлмөдөн белгилүү убактан соң кайра чыгаарыңызды билишиңиз сизге экранда көргөндөрүм чындык деген пикир бериши мүмкүн. Бирок эгер бул бөлмө сиз туулгандан бери өмүрүңүздү өткөрүп келе жаткан жер болсочу? Өмүр бою бул бөлмөдөн эч чыкпасаңызчы? Өмүр бою «сырткы дүйнө» катары алдыңыздагы экранды гана көрүп жатсаңызчы? Анда бул экранда көрүп жаткан нерселериңиздин «өзүн көрүп жатканыңызга» эч кандай далил калбайт. Себеби экрандагы сүрөттөлүштөрдү гана көрүп жатасыз.

Көрүү сезими жөнүндөгү мындай чындыктар угуу, тийүү, даам жана жыт кабылдоолоруна да тиешелүү. Булардын баарын мээбиздеги жабык бөлмөлөрдүн (угуу, тийүү, даам жана жыт борборлорунун) ичинде сезебиз. Булардын сырткы дүйнөдөгү өзүнө (оригиналына) эч качан жете албайбыз. Биз уккан бир радионун үнү мээбиздеги угуу борборунун ичинде. Сыртта эч кандай үн жок, «үн толкуну» деп аталган физикалык кыймылдар гана бар. Бул физикалык кыймылдар ар кандай баскычтардан өткөн соң бизге электрдик сигнал абалында келет. Биз электрдик сигнал катары сезген үндүн сыртта оригиналынын бар же жок экенин эч качан биле албайбыз. Жогорудагы жабык бөлмө мисалын эстесек, бизге «Африка токойлорундагы арстандардын күркүрөшү» катары угулган үндөр чынында биз турган жабык бөлмөнүн жакын жериндеги бир бөлмөдө жасалган жасалма үндөр болушу мүмкүн.

## Өз денебиз жана түштөрүбүз

Бул жерге чейин муну жакшыраак түшүнүү үчүн башка нерселерден мисалдар келтирдик. Бир телевизордун өзүн көрө албайбыз, бир радионун өзүн уга албайбыз. Бүт сүрөттөлүштөр, үндөр, жыттар жана даамдар мээбиздеги тиешелүү борборлордун ичинде пайда болгон түшүнүктөр. Сыртыбыздагы бир дүйнөнүн ичинде эмес, ичибиздеги бир дүйнөдө жашайбыз.

Адамдардын бул ачык чындыкты түшүнүүдө кыйналышынын бир себеби – бул өз денесин көрүп жаңылышы. Төмөн караганда көзүнө көрүнгөн дене жана бул дененин бүт тарабынан аларга жеткен тийүү сезимдери алардын дүйнөнү туура эмес кабылдашына жол ачат. Бул дене себептүү, алар бир «сырткы дүйнөнүн» ичинде жашап жатабыз деген сезимде болушат.

Бирок, башка нерселер сыяктуу, ал дененин да мээбиздеги көрүнүшүн көрөбүз. Денебизге тиешелүү бүт маалыматтар, б.а. денебиздин көрүнүшү жана мээбизге жеткен тийүү сезимдери мээбиздин тиешелүү сезүү борборлорунан.

Түшүбүздү эстесек, муну жакшыраак түшүнө алабыз. Түшүңүздө өзүңүздү бүтүндөй элес дүйнөлөр ичинде көрөсүз. Айланаңыздагы буюмдар менен адамдар эч чындык эмес. Сиз үстүндө баскан топурак, үстүңүздөгү асман, айланаңыздагы

үйлөр, дарактар, машиналар жана башка бардык нерселер толугу менен элес; заттык бир чындыгы жок. Жана баары сиздин мээңиздин ичинде. Мээңизде, т.а. аң-сезимиңизде бар жана андан башка жерде жок.

Көңүл бурган болсоңуз, бул түшүңүздө көргөн өз денеңизге да тиешелүү. Түшүңүздө да, азыркыдай, төмөн көздөй караганыңызда колу-буту бар, баскан, дем алган, тийүү сезимдери бар бир дене көрөсүз. Бул дене түштөн тышкаркы чыныгы жашоодо көргөн денеңизден бир топ башкача да болушу мүмкүн. Балким өзүңүздү үч колдуу, төрт буттуу кызыктай бир жаныбар сымал да көрүшүңүз ыктымал. Бул үч колдун үчүнөн да тийүү сезимин сезишиңиз мүмкүн. Башка бир түштө болсо өзүңүздү канаттары бар уча алган бир жандыктай көрүп, бул канаттар абдан чыныгыдай сезилиши мүмкүн. Бир түштө көрүлүшү мүмкүн болгон бул виртуалдык денелердин баары аң-сезимиңизде гана орун алган, бирок аң-сезимиңиздин сыртындадай сезилген сезимдер гана.

Түш мисалы бизге төмөнкүнү көрсөтөт: денебизди абдан чындыктай сезишибиз чынында физикалык (заттык) мааниде мындай бир денеге ээбиз дегенди билдирбейт. Эч кандай заттык дене жок туруп эле, бүтүндөй аң-сезимибиздин ичиндеги сезилген денени «денебиздей» көрүп, сезе алабыз.

Түш менен «чыныгы жашоонун» кандай айырмасы бар? Түштөрдүн чыныгы жашоо деп аталган сезимдерге караганда үзгүлтүктүү, логикасыз жана тартипсиз экени чындык. Бирок мындан башка, илимий жактан, түш менен «чыныгы жашоо» арасында айырма жок. Себеби экөөсү тең мээнин ичиндеги кабылдоо борборлорунун стимулданышы аркылуу пайда болот.

Жогоруда, биз «чыныгы жашоо» деп атаган сезимдердин көрүү борбору, угуу борбору сыяктуу мээ бөлүктөрүндө сезилээрин карадык. Бир энциклопедиялык булакта түштүн да дал ушундай сезилээри баяндалат:

**Түш көрүү – башка бардык мээ процесстери сыяктуу, мээ менен анын кыймыл-аракеттеринин бир натыйжасы. Бир адам ойгоо болсун же уйкуда болсун, мээ дайыма электрдик толкундарды өндүрөт. Илимпоздор бул толкундарды «электроэнцефалография» деп аталган бир каражат менен ченешет. Уйкунун көп бөлүгүндө мээ толкундары кенен жана жай. Бирок кээ бир учурларда кичинерээк жана ылдам болуп калышат, көздөр түш көрүп жаткан киши бир окуя тизмегин көрүп жаткансып, абдан бат кыймылдап баштайт. Уйкунун REM (Rapid Eye Movement-Ылдам көз кыймылы) деп аталган бул бөлүгү түштөрдүн көп бөлүгүн түзөт. Эгер адам REM учурунда ойготулса, көргөн түшүнүн детальдарын чоң ыктымалдык менен эстейт... REM уйкусу учурунда мээден булчуңдарга сигнал жөнөтүүчү нерв жолдору тосулат. Ошондуктан түш көрүү учурунда дене кыймылдабайт. Ошондой эле, мээ кыртышы (мээнин жогорку аң-сезимдик функциялары менен байланыштуу бөлүгү) REM учурунда, түш көрбөгөн учурларга салыштырмалуу, активдүүрөөк. Кабык (кыртыш) мээнин «мээ системасы» деп**

**аталган бөлүгүнөн келген нейрондор (нерв клеткалары) ташыган импульстар (сигналдар) тарабынан кыймылдатылат. (*World Book Multimedia Encyclopedia, "Dream", World Book Inc., 1998*)**

Б.а. түш – бул мээбиздин тиешелүү борборлоруна келген импульстардын (сигналдардын) жоромолдонушу натыйжасында пайда болгон бир сезимдер (кабылдоолор) жыйындысы.

Көңүл бурган болсоңуз, биз «чыныгы жашоо» деп атаган жашоо да дал ушундай пайда болот: мээбиздин тиешелүү борборлоруна келген сигналдар бул борборлордо жоромолдонот жана биз бул сезимдер жыйындысын «сырткы дүйнө» катары кабылдайбыз.

Бул жерде эң негизги суроо – бул кабылдоолордун булагы эмне деген суроо. Көнгөн адаттарыбыз бизди дайыма «өзүн» көрөбүз дегенге ишендирген. Чынында болсо сыртта зат бар, бирок биз ал заттын өзүн эч качан биле албайбыз.

Муну жакшыраак түшүнүү үчүн түш жөнүндө ойубузду улантaлы. Түш көргөн адамга мындай суроо узаталы: «көргөн кабылдоолорундун булагы эмне?» Бул суроого ал «сырткы дүйнөдөгү заттар жана буларды кабылдаган денем» деп жооп берет болуш керек. Бирок сырткы дүйнө да, бул дүйнөнү кабылдаган бир дене да жок. Көргөн нерселеринин баары – мээдеги тиешелүү борборлор тарабынан кабылданган сигналдар гана.

Биздин да көргөн, уккан, тийген (кармаган), даамын жана жытын сезген нерселерибиздин баары мээбиздеги тиешелүү борборлор тарабынан кабылданган сигналдардан гана тураарын эске алсак, демек «сырткы дүйнөнүн өзүн көрүп, сезип жатабыз» деп кантип ишенимдүүлүк менен айта алабыз?

«Мен ишенимдүүлүк менен муну айта алам» деген адам ошол эле учурда өзүнүн «мунаранын чокусундагы кичинекей адам» экенин да айткан болот.

Себебин эмки бөлүмдө карайлы.

# -II- МУНАРАНЫН ЧОКУСУНДАГЫ КИЧИНЕКЕЙ АДАМ

Мурдакы бөлүмдө карагандарыбызды кыскача эстейли: биз көргөн, уккан, тийген жана «зат» деп атаган нерселердин өзүн эч качан биле албайбыз. Биз негизи мээбиздеги кабылдоолорду көрүп, сезебиз. Эч качан мээбизден сыртка чыгып, көргөн, уккан, тийгендерибиздин өзүн көрүп сезе албайбыз, булардын оригиналдарынын кандай экенин башкара албайбыз. Түш менен чыныгы жашоо арасында илимий жактан бир айырма жок, экөөсүн тең мээбизде көрөбүз. Биз абдан чоң деп элестеткен дүйнө - чынында мээбиздин ичине батырылган бир кабылдоолор жыйындысы. Бизден миллиарддаган километр алыста деп ойлогон ири галактикалар – мээбиздеги көрүү борборунда жайгашкан, т.а. бизден «алыста» эмес, тескерисинче «ичибизде» болгон сезимдер (кабылдоолор).

Бул адамдардын көпчүлүгү, балким дээрлик баары билбеген абдан улуу бир чындык. Бирок башкалардын бул чындыктан кабарсыз болушу биз үчүн бир шылтоо боло албайт. Себеби бул «башкаларды» да мээбиздин ичинде көрөбүз. Бир сүрөттөлүштү көрүп жатабыз жана көргөндөрүбүздү түшүнүүдөн биз жооптуубуз. Көргөн адамдарыбыздын баары бизге «бул дүйнөнүн өзүн көрүп жатасыз, копиясын эмес» десе да, бул эч нерсени өзгөртпөйт. Түшүңүздө да миңдеген адамдын бир ооздон «бул бир түш эмес, чындык» дегенине күбө болушуңуз мүмкүн. Бирок бир аздан соң түш бүтөт жана бул адамдар бир заматта жоголушат. Себеби алар элес катары гана болуп, чынында бар эмес эле. Чыныгы жашоо да бир күнү –өлүм менен бирге- ушундайча бүтөт жана биз көргөн нерселердин баары (бизге «бул дүйнөнүн өзү» деген адамдар да кошо) жок болуп кетишет, алардын ордуна жапжаңы бир ааламга туш болобуз. Бул акырет ааламы. Аллах дүйнөдөгү көлөкө заттарды өздөрүнүн жашоо максаты кылып алган же алардан бир нерсе үмүт кылган жана ушундайча аларды путташтырган (ыйык туткан, кудай кылып алган) адамдардын өлүм учурундагы абалын Куранда баяндап жатып, бул чындыкты мындайча түшүндүрөт:

**... Аягында элчилерибиз аларга жанын алуу үчүн келгенде, аларга: «Аллахтан башка сыйынгандарыңар кайда?» дешет. «Алар бизди таштап-жоголушту» дешет. (Ошентип) Алар чындап каапыр экенине өз зыяндарына күбөлүк беришти. (Аьраф Сүрөсү, 37)**

Бул жерде түшүндүрүлгөн чындыкка материалисттер каршы чыгышат. Б.а. зат абсолюттук нерсе жана адам аң-сезими да заттын бир натыйжасы деген жаңылыштыкка ишенгендер. Материалисттер көбүнчө бул жерде түшүндүрүлгөн

чындык, б.а. заттын өзүнө эч качан жете албашыбыз тууралуу чындык жөнүндө ойлонууну жана талкуу кылууну каалашпайт. Ал тургай, көбүнчө буга ачууланышат. Зат деп аталган түшүнүктүн чынында мээбиздеги сезим абалын билээрибиз 18-кылымда атактуу англиялык ойчул жана поп Жорж Беркли тарабынан системалуу, кенен түшүндүрүлгөндө, материалисттер ачуулуу реакция көрсөтүшкөн. Ошол доордо жашаган материалист ойчул Самуэль Жонсон бир ташты бир тээп, «мына Берклини жыктым» деп кыйкырган. Бирок Жонсондун – жана кийинки ушуга окшогон жоопторду берген башка материалисттердин- мындай примитивдик реакциясы алардын бул теманы түшүнүүдөн канчалык алыс экенин көрсөтүүдө. Себеби ташты тебиши да, дубалдарды ургулашы да заттын өзүн көрүп, сезип жатканына бир далил болбойт. Ошол учурда жасаган жана сезгендеринин баары сезим (кабылдоо) катары мээлеринин ичинде. Ташты тепкен да мээсинин ичиндеги ташты тебүүдө, дубалды ургулаган да мээсинин ичиндеги дубал сүрөттөлүшүн ургулоодо. Түштөрүндө да алар таштарды ушундай реалдуу тепкилеши мүмкүн, бирок таштын мээлериндеги бир кабылдоо гана экенин кабыл алышат.

Материалисттердин буга каршы чыгышынын негизинде муну түшүнө албашы турат. Заттын абсолюттук нерсе экенине өздөрүн догматикалык түрдө ишендирип алышкан жана бул жөнүндө ойлонуудан абдан качынышат. Биз аларды бир аз чын көңүлдөн ойлонууга чакырабыз. Жана ойлонгулары келбеген бир чындыкты алар үчүн ойлонуп түшүндүрөбүз:

Бул чындык мындай: эгер алар заттын өзүн көрүп сезип жатканын кабыл алышса, анда өздөрүн «мунаранын чокусундагы кичинекей адам» катары кабыл алышы керек.

## Мунара жана чокудагы жабык бөлмө

Бул китептин атын да түзгөн бул мунара сөзү теманы жакшыраак түшүндүрүү үчүн колдонулган бир мисал.

Анын мааниси мындай: эгер ушул учурда мээңиздин ичиндеги дүйнө көрүнүшүнүн жана өз денеңизге тиешелүү сүрөттөлүштүн сырттагы оригиналын көрүп жатам десеңиз, анда бүт бул сүрөттөлүштөрдү башынын ичинде көтөрүп жүргөн чоң бир дененин бар экенин да кабыл алышыңыз керек болот. Бул учурда сиз бүт нерсени мээңизде кабылдап жатканыңыз үчүн чоң бир мунаранын чокусундагы кичинекей бир бөлмөгө камалган кичинекей бир адам болосуз.

Мындай жыйынтыкка кантип жетээрибизди баскыч баскыч карайлы:

1) Азыр айланаңызды карасаңыз көп нерселерди көрөсүз. Дубалдар, буюмдар, асман, үйлөр, адамдар, машиналар жана ошондой эле өз денеңиз. Бүт бул буюмдардын баары, денеңиз да кошо, бир жерде.

2) Бул жер кайсы жер болду экен? Мурдакы беттерде айтылгандарды эстесеңиз, бул жердин башка бир жер эмес, түздөн-түз сиздин мээңиздин ичиндеги

көрүү борбору экенин байкай аласыз. Б.а. өз денеңиз да кошо, сиз көргөн бүт дүйнө башыңыздын ичинде, мээңиздин арткы тарабынан орун алган бир канча см$^3$ көлөмүндөгү бир жерде. Азыр башыңыздын ичиндеги ушул жердеги китепти карап жатасыз. Китепти колуңуз менен барактап жатканда көргөн жана сезген колдоруңуз мээңиздин көрүү жана тийүү борборлорунда орун алган. Денеңиздин бүт органдары бир жерде; башыңыздын ичинде. Бул китепти окуп жатканда отурган креслоңуз, кресло турган бөлмө да ошол эле жерде.

3) Кабылдоосун көрүп жаткан жана башыңыздын ичиндеги бул денеден тышкары, сырттагы денеңиздин өзүн көрүп жатам деп ишенесизби? Эгер мындай денени көрүп жатам деп ишенсеңиз, анда билип коюңуз, аны ушул күнгө чейин эч көргөн эмессиз. Кандай экени жөнүндө эч кандай так маалыматка ээ эмессиз. Ал дененин кандай экени жөнүндө гипотеза гана жасай аласыз.

4) Эгер дененин өзүн көрүп жатам деп ишенсеңиз, анда анын азыр көргөн денеңиздин сыртында орун алган дөө экенин кабыл алышыңыз керек. Сиз жана көргөндөрүңүздүн баары бул дөөнүн башындагы көрүү борборунан орун алганына караганда, анын заттык денеси өтө чоң болушу зарыл. Азыр сиз турган жердин ылдый жагында далылары, колдору, курсагы, сандары жана буттары жайгашышы керек. (Эгер ал дагы сиз сыяктуу эки колдуу, эки буттуу бир адам болсо.)

5) Анда, сиз бир дөөнүн башында жашаган бир миниатюралык адам болосуз. Б.а. дөө бир мунаранын чокусундагы кулптанган бир бөлмөдө жашаган, бул бөлмөдөн эч качан чыга албаган, алдына коюлган экранды гана караган, камалган бир адам болосуз. Мунара – сиз өзүн көрүп жатам деген денеңиз, сиз көргөн дене болсо мунаранын чокусунда камалган кичинекей адам.

Бул дөө мунараны (б.а. сиз өзүн көрүп жатам деген денеңизди) эч качан көрө албайсыз. Себеби мунаранын чокусундагы кичинекей караңгы бөлмөгө кулптангансыз. Өмүр бою ал бөлмөдөн чыга албайсыз. Ошол караңгы бөлмөнүн дубалдарына чагылтылган сүрөттөлүштөрдү көрөсүз. Бул сүрөттөлүштөрдөгү кээ бир нерселер (мисалы жылдыздар) сизге балким миллиондогон километр алыстадай сезилиши ыктымал. Бирок чынында дайыма ошол кичинекей бөлмөнүн ичинде чыгаарсыз.

Муну жакшыраак түшүнүү үчүн телевизорлордо көп кездешчү фантастикалык мультфильмдерден да бир мисал берүүгө болот. Бул мультфильмдердин кээ бирлеринде дөө бир дене башындагы башкаруу борборунда отурган бир адам тарабынан башкарылат. Мисалы, «Voltran» аттуу белгилүү мультфильмде дөө роботтор баш тарабындагы борбордо отурган бир адам тарабынан башкарылышат. Дөө робот бул адамдын буйругуна жараша кыймылдайт. Адам – дөө бир мунарадай чоң роботтун ичинде отурган кичинекей бир дене.

Эгер азыр көрүп, сезип жаткан денеңиздин өзүн көрүп жатам деп ишенсеңиз, анда ушундай бир системаны кабыл алышыңыз керек. Башкача айтканда, «бир

мунаранын чокусундагы бөлмөдө отурган кичинекей адам» же «дөө бир роботтун чокусунда отурган кичинекей адам» экениңизди кабыл алышыңыз керек.

Эгер азыр көрүп, сезип жаткан денеңиздин бою болжол менен 1,80 метрдей деп ойлосоңуз, анда салыштырма жасаганда, сырттагы өзүн көрүп жатам деген дененин бир канча $см^3$ көлөмүндөгү кабылдоо борборлоруна салыштырмалуу бир дөөгө айланышын да кабыл алышыңыз керек. Эгер денеңиз бир мунара, буларды кабылдаган «мен» ал мунаранын чокусундагы клеткада жашаган бир адам деп кабыл алынса, анда бул мунаранын бою жүздөгөн метр болушу зарыл. Эгер «мен» деген дене көрүнүшүңүз 1,80 метр болсо, анда өзүн көрүп жатам деп кабыл алган денеңиз жүздөгөн метр болушу керек.

Муну мындай бир мисал менен да түшүндүрүүгө болот: мээсинде көргөн машинанын сырттагы оригиналын көрүп жатам деп ойлогон адам төмөнкүлөрдү ойлошу керек.

-Машинага тиешелүү сүрөттөлүш адамдын мээсиндеги көрүү борборунда пайда болот. Көрүү борбору болсо жалпысы бир канча $см^3$ көлөмүндөгү бир жер. Эгер бул жерге бир канча метр көлөмүндөгү бир машина сүрөттөлүшү батып жатса, анда бул жер дагы эң аз ошончо чоңдукта болушу керек.

-Эгер бул жер бир канча метр кеңдикте болсо, анда адам мээси да ушуга жараша абдан чоң көлөмдө болушу зарыл.

-Эгер адам мээси мынчалык кенен бир жерди ээлесе, анда адам денеси да мээсинин көлөмүнө жараша километрлеген узундукта болушу керек.

Бул жерде бир машинаны көргөн адам жөнүндө гана сөз болду. Муну километрлерге созулган бир өрөөндү караган адам үчүн элестетели. Эгер өрөөндүн өзүн көрүп жатам десе, анда бул адамдын көрүү борбору да ошол сыяктуу эң аз километрлеген квадраттык бир аянтты ээлеши зарыл. Анда адамдын мээси, ички органдары, колдору, буттары да ушуга жараша өтө зор бир чоңдукка жетиши керек.

Бул мүмкүн эмес, демек сыртта бир канча метрлик бир машина же километрлеген квадрат аянтты ээлеген бир өрөөн бар деп айтуу жана адам булардын оригиналдарын көрүп жатат деп айтуу такыр логикасыздык эмеспи?

# -III- МУНАРАГА ИШЕНҮҮНҮН ЛОГИКАСЫЗДЫГЫ

Мунарадагы кичинекей адам биздин пикирибиз эмес. Материалисттердин пикиринин табигый бир натыйжасы. «Зат абсолюттук нерсе» деген жаңылыш пикирди өжөрдүк менен жактаган, биз заттын сыртта бар болгон өзүн (оригиналын) көрүп, сезип жатабыз деген бир материалист бул кызыктай жыйынтыкты жактоого мажбур. Себеби көргөн жана сезген денесинен тышкары, бул денени жана ал турган аймакты чокусунда алып жүргөн башка бир дененин да бар экенин айтууда.

Муну тереңирээк караган сайын, материалисттик пикирдин канчалык тантык бир ойду айтып жатканы апачык көрүнөт.

Негизи материалисттер өздөрүн да чочута турган бир жандыкты адам катары сүрөттөшүүдө. Бул үркүтүүчү көрүнүштү тереңирээк карайлы: материалист бүт ааламды башынын ичинде кичинекей бир жерде көтөрүп жүргөн, аны менен жакын алектенген дөө бирөөнү сүрөттөөдө. Күн, ай, жылдыздар жана бүт жарык булактары мээсинин ичинде болгондуктан, бул дөө мажбурлуу түрдө караңгы жерде жүрөт. Бул дөөнүн буттары менен колдору –биздин чен-өлчөмдөрүбүзгө салыштырмалуу-жүздөгөн метр узундукта. Б.а. материалист «чымкый караңгыда, мээсинин ичинде көтөрүп жүргөн аалам менен бирге басып жүргөн, каерге барганын эч ким билбеген чоң бир дөө – бул адам» деген жыйынтыкка барат.

Бирок көңүл бурулган болсо, бул дөө адамдын бар экенине ишенүү материалисттик философиянын гана бир зарылчылыгы. Себеби биз көргөн жана тийген денебиздин өзүн көрүп, сезип жатканыбызга ишенүү үчүн башка эч кандай себеп жок. Мындай нерсеге эмне үчүн ишенишибиз керек? Мунун чындык экенине эч кандай далил жок турганда; эч ким мындай бир денени көрбөсө, укпаса, ага тийбесе, ал жасаган кандайдыр бир нерсенин изин көрбөсө, эмне үчүн андай кызыктай бир дөө адам бар экенин кабыл алалы?

Материалисттик философияны сокурдук менен кабыл алуудан тышкары, мындай кыялдагы бир заттык (материалдык) адамдын бар экенине ишенүү үчүн эч себеп жок.

## Сезим жана элес даражасында жаратылган зат

Бул бизди абдан маанилүү бир чындыкка алып барат: биз көргөн, сезген дүйнө бир кабылдоолор дүйнөсү болгондуктан, бул кабылдоолордун баарын чексиз илим, акыл жана күчкө ээ бир Жаратуучу жаратууда жана бизге көрсөтүүдө. Ал Жаратуучу – Куранда айтылгандай, «ааламдардын Рабби» Улуу Аллах.

Бул улуу чындыктын андан да тагыраак мааниси мындай: бүт нерселерди Аллах жоктон жараткан. Бирок бүт нерселер Ислам аалымдарынын айтышы боюнча, «сезим жана элес» даражасында, б.а. бир кабылдоо (сезим) катары жаратылышкан. Аллах адамга Өз рухунан үйлөгөндүктөн, адам бул кабылдоолордун кээ бирлерин кабылдайт жана буларды «дүйнө, аалам, зат, буюм» сыяктуу аттар менен атайт. Бул аттарды да адамга Аллах үйрөткөн. Аллах жараткан бул кабылдоолордун баары Ага толук моюн сунган жана Анын каалоосу менен кыймылдайт. Жаратылган нерселердин Аллахтан көз-карандысыз бир заты жок. Аллах гана акыйкат, башкалардын баары Ал сезим даражасында жараткан элестер.

Ислам тарыхынын эң чоң аалымдарынын бири катары кабыл алынган Имам Раббани *Mektubat (Мектубат)* аттуу эмгегинде муну мындайча түшүндүргөн:

Аллах эле бар эле, башка нерсе жок эле.

Жашыруун кемчиликсиздигинин ачыкка чыгышын каалады; ысымдарынын ар бирине бир мазхар (көрүнүү жери) талап кылды. Ал мазхарга кемчиликсиздигин көрсөтүү үчүн. Анын вүжуд мазхарийетин жана тевабиини болсо адемден (жоктуктан) башка нерсе кабыл албады. Себеби... вүжуддун (бар болуунун) теңдеши жана тескериси адем (жоктук) гана.

Маани ушундай болгондуктан, Сүбхан Хак кемчиликсиз кудурети менен адем (жоктук) ааламында ысымдардын ар бири үчүн мазхарлардан бир мазхар дайындады. Жана аны сезим жана элес даражасында жаратты. Каалаган убакытта жана каалаган абалда... Ааламдын сүбуту (туруктуулугу) сезим жана элес даражасында болуп, тышкы даражада эмес... Сыртта болсо улуу Важиб Заттын (Аллахтын) зат менен сыпаттарынан башкасы туруктуу жана бар болууга... (*Mektubat-ı Rabbani, 470. Mektup, çev. Abdulkadir Akçiçek, Çile yayınevi, 1983, s. 517-18*)

Имам Раббани башка бир мектубунда (катында) болсо бүт материалдык ааламдын элес даражасында гана жаратылганына дагы бир жолу басым жасайт:

**Жогоруда мындай бир сүйлөм колдондум: «Сүбхан Хактын халкы (Аллахтын жаратышы) сезим жана элес даражасында.» Мунун мааниси мындай: «Аллах Таала буюмду ушундай бир даражада жараткан, ал даражада буюм үчүн сезим жана элестен башка бир жерде сүбут (туруктуулук) жана хусул (бар болуу) жок. *(Mektubat-ı Rabbani, 357. Mektup, çev. Abdulkadir Akçiçek, Çile yayınevi, 1983, s. 163)***

Көңүл бурулган болсо, Имам Раббани биз көргөн ааламдын, б.а. бүт нерсенин «элес даражасында», б.а. кабылдоо даражасында жаратылганына өзгөчө басым жасоодо. Бул элес даражасындагы ааламдын сыртында (сыртта) болсо Аллахтын Заты гана бар.

Көрүнүп тургандай, биз заманбап физика жана физиология аркылуу жеткен илимий чындыктар бизге Ислам илимдүүлөрү тарабынан кылымдар мурда кабар

берилген бир чындыкты тастыктоодо: зат бир элес, акыйкат (чыныгы Зат) болсо затты жоктон жараткан Улуу Аллах.

## Материализм: дүйнө жашоосунун чындык деп кабыл алынган сырттан жоромолу

Бул жерде айтылган чындык – адам түшүнгөндө, анын жашоого болгон көз-карашын тамырынан өзгөртө турган абдан улуу бир сыр.

Адамдардын көпчүлүгү бул сырдан кабарсыз жашашат. Көзгө көрүнгөн, кол менен кармалган жана «зат» деп аталган элестерди абсолюттук чындык деп ойлошот. Бул жаңылыштыкка түшкөн адамдардын эки көз-карашы бар:

1) Материализм: Затты абсолюттук чындык деп ойлогон адамдардын көпчүлүгү заттан башка эч нерсе жок деген жаңылыштыкты айтышат. Бул батыл (жалган) ишенимдин философиядагы аты материализм. Материалисттер Аллахты караңгылык менен жокко чыгарышат. Рухтун бар экенин жана өлүмдөн кийин жашоонун бар экенин да жокко чыгарышат.

2) Жарым материализм: Затты абсолюттук чындык деп ойлогон адамдардын кээ бирлери болсо заттан башка да бир нерселер бар экенине ишенет, бирок анткен менен зат «абсолюттук нерсе», башка нерселер ага караганда көбүрөөк салыштырмалуу деген күмөндө. Көп колдонулган «метафизика» (физика үстү) же «табият үстү» сыяктуу сөздөрдүн негизи ушуга таянат. Мындай ишенимдеги адамдар зат абсолюттук нерсе, Аллах болсо (Аллахты аруулайбыз) радио толкундар сыяктуу деп божомолдошот. Аллах «асманда» же ааламдын башка бир жеринде деген сыяктуу батыл (жалган) ишенимдер да ушунан келип чыккан.

Бул эки көз-караш тең чоң бир жаңылыштык жана дүйнөнүн чыныгы жүзүн түшүнө албоодон келип чыккан. Аллах бул чындыкты Куранда мындайча кабар берет:

**Ал каалаганына жардам берет. Ал күчтүү жана улуу, коргоочу. (Бул) Аллахтын убадасы; Аллах убадасынан кайтпайт. Бирок адамдардын көбү билишпейт. Алар дүйнө жашоосунун тыш тарабын билишет. Акыреттен болсо капылет калышкан. (Рум Сүрөсү, 5-7)**

Аяттагы «тыш тарабы» сөзүнүн арапчасы «захир» сөзү. «Захир» сөзү «тышкы көрүнүш» маанисине келет. Мунун антоними болсо «батын» сөзү жана окуялардын сыртка көрүнбөгөн чыныгы жүзү, ички тарабы маанисине келет. Каапырлар дүйнөнүн захирин (тышкы көрүнүшүн) гана билишет. Ушул себептен, Аллахтын бар экенин, кудуретин, бүт нерселерди башкарып тураарын түшүнө алышпайт. Кээ бирлер Аллахты жокко чыгарып, материалист болот, кээ бирлер болсо Аллахтын бар экенине ишенет, бирок Анын кудуретин түшүнө албайт жана жарым материалист болот. Куранда Аллахтын бар экенине ишенген, бирок Анын чексиз

кудуретин, бүт нерсени башкарып тураарын түшүнө албаган жана ушул себептен ар нерселерди Аллахка шерик кошкон адамдар жөнүндө көп айтылат.

Заттын мээбизде кабылдаган абалын гана билээрибизди түшүнгөн адам болсо бул жаңылыштыктардан бүтүндөй кутулат жана дүйнө жашоосун батынын (ички тарабын) билген болот.

Бул ички тараптын маанилүү бир жагы мейкиндик түшүнүгүн жок кылышы.

## Мейкиндик түшүнүгүнүн жоголушу

Зат деп аталган бүт нерсенин (өз денебиз, айланабыздагы буюмдар, бутубуз койгон жер, күн, планеталар, жылдыздар ж.б.) негизи мээбизде кабылдаган абалын билебиз; түшүбүздөгү сыяктуу. Ошондуктан булардын чынында кандай экенин билбейбиз.

Бул чындыкты түшүнгөн адам көп адамдар кабылган жаңылыштыктардан кутулат. Бул жаңылыштыктардын башында мейкиндик түшүнүгүнө болгон ишенимден келип чыккан «Аллах каерде» суроосу турат. Адамдардын көпчүлүгү Аллахты (Аллахты аруулайбыз) алыста, асманда же ааламдын башка бир жеринде деп ойлошот. Бул сабатсыз ишеним Куранда Фараон кыссасында айтылат. Фараон чоң сабатсыздык менен «Египеттин Раббиси менмин» деп (Аллахты аруулайбыз), «Аллах асманда» деген. Муну кабар берген аяттар төмөнкүдөй:

**Фараон (шылдың менен): «Эй Хаман, мага бийик бир мунара кур; балким ал жолдорго жете алам, асмандардын жолдоруна. Ошентип Мусанын кудайына чыга алаармын... (Момун Сүрөсү, 36-37)**

Бирок чынында болсо, Аллах бүт жерде жана бүт нерсени орогон. Бул чындык бир Куран аятында мындайча айтылат:

**Чыгыш да Аллахтыкы, батыш да. Каякка бурулсаңар, Аллахтын жүзү ошол жакта. Шек жок, Аллах курчоочу, билүүчү. (Бакара Сүрөсү, 115)**

Аллах жалгыз абсолюттук Зат катары бүт ааламды, бүт адамдарды, жерлерди, асмандарды, бүт тарапты ороп курчаган жана Аллах бүт ааламда көрүнүүдө. Хадистерде риваят кылынгандай, Пайгамбарыбыз (сав) Аллах асманда деп айткан бир адамга туура айттың деген. Бирок бул риваят Аллахтын бүт тарапта экенине карама-каршы келбейт. Себеби дүйнөнүн сиз турган жериндеги бир киши колдорун асманга көтөрүп, Аллахка дуба кылса жана Аллах асманда деп ойлосо, түштүк уюлда башка бир адам да ушул сыяктуу Аллахка кайрылса, түндүк уюлда бир адам колдорун асманга көтөрсө, Япониядагы бир адам, Америкадагы бир адам, Экватордогу бир адам да ошол сыяктуу колдорун асманга көтөрүп, Аллахка кайрылса, анда кандайдыр бир туруктуу орунду көрсөтүү мүмкүн болбойт. Ошол

сыяктуу ааламдын жана космостун ар кайсы жериндеги жиндер, периштелер, шайтандар да асманды карап дуба кылса, кандайдыр бир туруктуу асмандан же тараптан сөз кылуу мүмкүн болбойт, бүт ааламды курчаган бир абал келип чыгат. Сиз кайсы тарапка бурулсаңыз, Аллахтын көрүнүшү ошол жакта.

Аллах бүт жакта болгондуктан, бизге бүт нерседен жакыныраак. Бул адамдардын көпчүлүгү алданган «аралык» сезимин жок кылган бир чындык. Адамдар көбүнчө өз денелеринин жанында көргөн нерселерди «жакын» деп аташат. «Сизге эң жакын нерсе эмне» деген суроо берилсе, буга «кийимим, саатым, көз айнегим» деп же «денем» деп жооп берет. Чынында болсо Аллах адамга булардын баарынан жакыныраак. Бир Куран аятында бул сыр мындайча кабар берилет:

**Ант болсун, адамды Биз жараттык жана напсисинин ага кандай азгырыктарды берип жатканын билебиз. Биз ага күрөө тамырынан жакыныраакпыз. (Каф Сүрөсү, 16)**

Бул чындыкты түшүнгөн адам Аллахтын өзүнүн жалгыз досу, жалгыз велиси, жалгыз жардамчысы экенин түшүнөт. Ошентип Курандын алгачкы сүрөсү болгон Фатиха Сүрөсүндөгү «Биз Сага гана ибадат кылабыз жана Сенден гана жардам сурайбыз» деген дубанын сырын түшүнөт. Ошол сыяктуу, дүйнөдөгү бүт иштердин Аллахтын каалоосу менен ишке ашаарын, Ал аныктаган тагдырга жараша болоорун, эч бир адамдын жана жандыктын Аллахтын эркинин тышына чыга албашын да түшүнөт. Бул төмөндөгү Куран аятында кабар берилген сырды түшүнүү болот:

**Асмандарда жана жердегилер Ага тиешелүү; баары Ага «көңүлдөн моюн сунган» абалда. (Рум Сүрөсү, 26)**

Мейкиндиктин бир кабылдоо экенин түшүнүү акырет жашоосунун кандайча болоору жөнүндөгү туура эмес түшүнүк, күмөндөрдү да жок кылат. Акыретке ишенбеген же акыреттин бар экени жөнүндө күмөн санаган адамдардын көпчүлүгү абдан туруктуу жана тең салмактуу деп ойлогон ааламдын кантип жок болуп, мунун ордуна бейиш жана тозокту ичине камтыган жапжаңы бир ааламдын курулаарын түшүнө албайт. Чынында болсо, ал туруктуу жана тең салмактуу деп ойлогон аалам – Аллах анын рухуна көрсөткөн кабылдоолордун жыйындысы гана. Бир кабылдоонун жок болуп, ордуна башкасынын адамга берилиши болсо Аллах үчүн абдан оңой. Адам түнкү уйкусунда көрүп жаткан түшүнөн бир заматта ойгонуп, такыр башка бир ааламга («чыныгы жашоо» деп ойлогон бул дүйнөгө) өтө алган сыяктуу, дүйнө жашоосунан акырет жашоосуна да ушундайча өтөт. Туруктуу жана тең салмактуу деп ойлогон, бирок чынында Аллахтын тынымсыз жаратышы менен турган аалам чоң бир кыямат менен жок болот жана андан соң бейиш менен тозок жаратылат.

Заттын бир элес экенин, мейкиндиктин мээбиздеги бир кабылдоо экенин жана Аллах сезим жана элес даражасында жараткан бир дүйнөдө жашап жатканын түшүнгөн адам дагы көптөгөн чоң сырларга ээ болот. Адамдардын көпчүлүгүнөн айырмаланып, «себептер» (б.а. Аллах жараткан окуялар жана жандыктар) ичинде сыгылуудан кутулат. Себептерге «кыймыл дубасы» катары гана кайрылат. Чынында болсо бүт жакшылык менен жамандыктын Аллахтан экенин билет жана ар ишинде Ага дуба кылып Андан жардам сурайт. Мал-мүлк, байлыкка ач көздүк кылбайт. Адамдар ашыкча маани берген мал-мүлктөрдүн; мисалы чоң үйлөрдүн, люкс машиналардын, кымбат кийимдердин, маанилүү кызмат орундарынын мээдегисин гана көрөөрүн билгендиктен, аларга маани бербейт. Аллахтын бул көркөм кооздуктарды адамдарды сыноо үчүн жаратканын билет. Буларды каалаганына берет, каалаганынан кайра алат.

Заттын жана мейкиндиктин бир элес экенин түшүнгөн адам Аллахтан башка кандайдыр бир нерседен, жандыктан коркуудан да кутулат. Көргөндөрүнүн баары Аллах жараткан кабылдоолор жана Аллахтын уруксаты болмоюнча, эч ким ага эч нерсе кыла албайт. Тартынып-коркууга ылайыктуу жалгыз Зат – бул Аллах. Муну түшүнгөн адам Аллах **«Алар Аллах берген элчилик милдетин аткаргандар (динге чакыргандар), Андан ичи титиреп-коркконддор жана Аллахтан башка эч кимден коркпогондор»** (Ахзаб Сүрөсү, 39) аяты менен сүрөттөгөн пайгамбарлардын жогорку ахлагына жеткен болот.

## Аллах аныктаган себеп-натыйжа байланыштары

Заттын жана мейкиндиктин бир элес экенин түшүнгөн адам башка адамдар билбеген дагы бир өтө маанилүү сырды түшүнөт: дүйнөдөгү себеп-натыйжа байланыштары заттын физикалык касиеттери себебинен же адамдар арасы мамилелер натыйжасында болуп жаткан жок. Зат бир кабылдоо (элес) болгондуктан, физикалык бир таасири жок. Ар физикалык таасир өз-өзүнчө элес катары жаратылат. Мисалы, ыргытылган бир таш терезени сындырбайт; таштын ыргытылышы жана терезенин сынышы жөнүндөгү көрүнүштөр өз-өзүнчө жаратылат. Кемелерди сууда сүздүргөн «суунун көтөрүү күчү» же канаттууларды абада кармаган «абанын көтөрүү күчү» элес катары жаратылат. Ошондуктан негизи ушул сыяктуу «күчтөрдүн» баары чындыгында Аллахка тиешелүү. Бул чындыкка Куран аяттарында мындайча көңүл бурулат:

**Алар үстүнөн тизилип канат кагып, учкан куштарды көрбөй жатышабы? Аларды Рахман болгон Аллахтан башкасы бош абада кармаган жок. Шексиз Ал – бүт нерсени толугу менен көрүүчү. (Мүлк Сүрөсү, 19)**

**Аллахтын жердегилерди жана деңизде Анын буйругу менен сүзүп жүрүүчү кемелерди силердин пайдаланууңарга бергенин көргөн жоксуңбу. Жана (Өз) уруксаты болмоюнча, асманды жердин үстүнө түшүүдөн сактайт. Шексиз, Аллах адамдарга карата боорукер, абдан мээримдүү. (Хаж Сүрөсү, 65)**

Бул сырды түшүнгөн ыймандуу адамдын башка адамдар менен болгон мамилелери да адамдардын көпчүлүгү кабыл алган себеп-натыйжа байланыштарынан башкача болот. Бүт адамдарды жана алардын тагдырын Аллах жараткан жана ушул себептен адамдар арасындагы себеп-натыйжа байланыштары да Аллах белгилегендей болот. Мисалы бир аятта Аллах мындай сырды кабар берет:

**Эй ыйман келтиргендер, үстүңөрдөгү (жоопкерчилик) өз напсиңер. Силер туура жолго жетсеңер, адашкан силерге зыян бере албайт. Баарыңар Аллахка кайтасыңар. Ал силерге кылгандарыңарды кабар берет. (Маида Сүрөсү, 105)**

Эгер Мусулмандар туура жолго жетишсе, адашкандар аларга эч качан зыян бере алышпайт. Бул Аллахтын бир мыйзамы, бирок Анын кудуретин түшүнгөн жана Ага татыктуу ыйман келтирген ыймандууларга тиешелүү. Башка бир аятта Аллахтын башка бир мыйзамы мындайча кабар берилет:

**Эркек болсун, аял болсун, бир момун (ыймандуу) катары ким ыкластуу бир амал (иш-аракет) жасаса, албетте, Биз аны сонун бир жашоо менен жашатабыз жана алардын акысын кылгандарынын эң сонуну менен сөзсүз беребиз. (Нахл Сүрөсү, 97)**

Ушул сыяктуу дагы көп сырлар ыйман келтиргендер үчүн дүйнөнү такыр башка бир жерге айлантат. Каапырлар үчүн дүйнө жашоосу (колундагы бүт мал, мүлк, кызмат орду жана бийлигине карабастан) ар кандай кыйынчылык, коркуу, тынчсыздануу менен стресске толо бир азап мекени болсо, ыймандуулар үчүн бейиштин бир кичинекей өрнөгүнө айланат.

# ЖЫЙЫНТЫК

Бул китепте, башка кээ бир китептерибизде терең каралган «заттын чыныгы жүзү» темасын башка жагынан колго алдык. *(Тереңирээк маалымат үчүн караңыз: Харун Яхья, Элестин башка бир аты: зат)*

Мунарадагы кичинекей адам мисалы бизге кызыктуу бир чындыкты көрсөтүүдө:

Эгер заттын өзүн көрүп жатам деп ишенсеңиз, анда сиздин чыныгы денеңиз, азыр көрүп жаткан денеңиз боло албайт.

«Сыртта», б.а. мээбиздин сыртында, биз эч көрбөгөн, сезбеген дагы бир дене болушу керек.

Жана бул дене сиз азыр көрүп жаткан денеңизден эсе эсе чоң бир «дөө».

Сиз болсо бир мунаранын чокусундагы жабык бир бөлмөгө камалган бир туткунсуз.

Башкача айтканда, сиз чоң ыктымалдык менен өмүр бою кабыл алып келген «денем бул дүйнөнүн үстүндө жашап жатат, мен болсо денемден сыртты карап жатам» деген гипотеза туура эмес. Бул мүмкүн эмес.

Мындан акылдуураак жыйынтык болсо «мунара» деген нерсенин жок экенин кабыл алуу. Себеби анын бар экенин көрсөткөн бир да далил жок. Заттын өзүн билебиз деген стереотип гана бизге мындай бир нерсе бар деген пикирди берүүдө.

Бул стереотиптен кутулганда болсо дүйнөнүн чынында такыр башкача бир жер экенин түшүнөбүз:

Биз көргөн жана сезгендерибиздин баары – Аллах биздин рухубузга көрсөткөн кабылдоолор (элестер). Жалгыз абсолюттук Зат болсо – бул бүт нерсенин Жаратуучусу, ааламдардын Рабби Улуу Аллах.

# ТИРКЕМЕ I-

# МУНАРАДАГЫ АДАМ ЖӨНҮНДӨ ЖОРОМОЛДОР

## Учурдагы илимпоз жана ойчулдардын бул жөнүндө жоромолдору

Колуңуздагы китеп басмага даярдалып жатканда, бул жердеги чындыктар жөнүндө кээ бир илимпоздорго жана ойчулдарга суроолор узатылган эле. Батыштагы белгилүү университеттердин мугалимдерине интернет аркылуу жөнөтүлгөн каттар аркылуу аларга заттын өзүнө жете албашыбыз жөнүндөгү чындык түшүндүрүлүп, бул жөнүндөгү жоромолдору суралган эле. Жооп бергендердин көпчүлүгү мунун абдан маанилүү экенин, материалисттик көз-караштын бул суроого жооп бере албашын, өздөрүнүн да муну түшүндүрө албашын айтышты. Төмөндө бул жооптордун кээ бирлери орун алган. (Каттар англисче оригиналынан которулган.)

Сырткы дүйнөнүн мээнин сигналдарды кантип жоромолдошу менен эч байланышы болбошу да мүмкүн. Менимче, бүт тараптан туура келиши үчүн эң оңой жол – бирдей болушу. Ушул себептен кабылдообуз сырткы дүйнөнүн дал өзүндөй болбосо да, ага абдан жакын болуш керек. Мээбиз суу толо бир идиш ичинде сүзүп жүрүп, бир компьютер нервдер аркылуу электрдик импульстарды жөнөтүп жаткан болушу мүмкүн.

Адамдар бул темадан эмне үчүн тынчсызданышат суроосуна токтолсок. Менимче, адамдар сырткы дүйнөдө өздөрүнө бир орун табууга абдан көп аракет кылышат жана өздөрү билбеген виртуалдык бир сырткы дүйнөдө өз ордун издегилери келбейт.

Мындай абдан кызыктуу пикирлер үчүн рахмат.

Денис Кузино (Denis Cousineau)

Монреаль университети, КАНАДА

Психология бөлүмүндө доцент

...Рахмат! Сиз кайрылган нерселер таң калыштуу... Адамдар ишенген нерсесинин алар ойлогондой, алар билгендей эмес экенин ойлогулары келбейт же ыймандуу адамдар болсо напсилеринин суракка алынышын каалашпайт.

Бирок, менимче, ишеним менен илим каршы боло албайт жана андай дагы эмес. Булар чындыкты билүүнүн ар башка жолдору. Бирок экөөсү тең жалгыз бир Жаратуучудан болгондуктан түпкүрүндө карама-каршы келиши мүмкүн эмес. Ушул

себептен илимпоздорго жаратылуу жөнүндөгү ачылыштары үчүн ыраазычылык билдиришибиз керек жана Жаратуучунун биз билгенден, биздин сөзүбүздөн жогору экенин унутпашыбыз зарыл. Себеби Жаратуучу чексиз (түбөлүктүү) жана жаратылгандар болсо чектүү... Бул кызыктуу маалымат үчүн рахмат.

Джилл Рэйтт (Jill Raitt)

Диний изилдөөлөр бөлүмүнүн профессору

Миссури университети, Колумбия

Булар жакшы суроолор. Философтор көптөн бери сураган суроолор. Бул суроолорду Декарт башка бир формада сураган эле. Булар балким мээнин бүт кабылдоолорубуздун себеби эмес экенин көрсөтүүдө. Бирок бул башка суроолорду да чыгарат. Адамдар коркушууда. Эмне үчүнбү? Ылдам бир гипотеза айтсак: себеби бул аларга жаңы нерсе жана кабылдоолорунун аларга айткандарына, жашоо формасына жана таянган нерселерине карама-каршы келет.

Ийгиликтер.

Жан-Ги Нейдо (Jean-Guy Nadeau)

Теология бөлүмү

Монреаль университети, Канада

... Биздин «реалдуулугубуздун» мээбиздин кабылдай ала турганы менен коохдолгону жөнүндөгү пикириңиз туура. Мисалы, физикалык дүйнөдө түс деген нерсе жок. Түс – мээбиздин электромагниттик радиацияга тиешелүү ар түрдүү толкун узундуктары жөнүндө жасаган жоромолуна таянган психологиялык бир феномен. Ошого карабастан, түс биздин реалдуулугубуздун маанилүү бир бөлүгү бойдон калат жана мээбизди, бүт дүйнөбүздү ушуну менен толтурат.

Ушул эле нерсени башка сезимдер жөнүндө да айтууга болот...

Ийгиликтер жана рахмат.

Боэм Гэри (Boehm, Gary)

Психология бөлүмү

Техас христиан университети, Техас

Таасирдүү... Чындыгында менин изилдөө тармагым бул сыйкырлоочу маселенин илимий татаалдыгын түшүнүүнү татаалдаштырат деп айта алам. Сурооңуз боюнча адамдар эмне үчүн мындан коркушууда, балким адамдар түшүнө алган нерселерин изилдегиси келээр жана түшүнө албаганда бул аларды коркутат...

Жейн Мэри Лоу (Jane Marie Law)

Корнелл университети, Нью-Йорк

... Мен жеке пикиримде адамдардын рух экенине ишенемин; материалдык эмес нерселер денелерибизге ушундай уланган; сезүүбүз, ойлонуубуз ж.б.лар

мээбиздин жана борбордук нерв системабыздын физикалык абалынан көз-каранды. Бирок бул тескери бир көз-караш. Көп киши адамдар материалдык нерсе, чоң бир эт жыйындысы деп ойлойт. «Мээдеги кабарды көргөн киши ким» суроосуна мындайча жооп беришет: «сиз ушул чоң эт мээңизде белгилүү электрдик формалар пайда болгондо көрөсүз». Кээ бирөөлөр көрүү процесси электрдин бир формасы гана дешет. Бул көз-караш боюнча, жашылды көрүү үчүн мээбизде белгилүү бир электр моделинин болушу гана жетиштүү, башка эч нерсе керек эмес. Башкалар көрүү сезими заттан башка болсо да, электрдик формалардан чыгат деп ойлошот.

Мен жеке пикиримде мээлерибиздин ишенүү, үмүт кылуу, сезүү ж.б.ларды сезээрине ишенбейм. Мен «мендин» буларды кылганына ишенем жана мен өз мээм эмесмин. Мээме абдан көз-карандымын; ушунчалык көз-каранды болгонум үчүн, мээмдин жабыркашы бүт нерсени кылуума тоскоол болот. Бирок мээмден башкамын. Мен эмнемин? Мен нерселерди көрүп жатам, мен бир рухмун.

Том Крисп (Tom Crisp)
Философия бөлүмү
Нотр-Дам университети, Индиана

Адамдар күнүмдүк жашоосунда тынчсызданууну каалашпайт. Тартипти каалашат, көзөмөлдөп турууну каалашат, нерселердин алар каалагандай болушун каалашат. Кооптуулук менен алектенгилери келбейт, жооп ала албай калуудан коркушат. Материалдык абалына, социалдык абалдарына жабышышат. Эгер бир тышкы реалдуулук болбосо, булардын баарын жоготушат. Жана адамдар жалгыз калуудан коркушат, бүт көйгөйлөр менен өзү жалгыз алектенүүдөн коркушат. Өздөрүнүн ойлонуу күчүнө ишенишпейт жана эркин эмес. Жана өздөрүнүн ким экенин толук билишпейт, өздөрүн сырттагы нерселер менен сүрөттөшөт. (Адамдардын бул темаларды сүйлөшүүдөн качышынын) Себеби ушул.

Бирте Шеллинг (Birte Schelling)

# ТИРКЕМЕ II-
# ЭВОЛЮЦИЯ ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаратылуу (креационизм) чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Жаратуучу жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Жаратуучу тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле.

Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

## Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фоссил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория бойунча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

## «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория бойунча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай,

курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңири жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: **«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»**[1]

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

## 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: *«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»*[2]

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан.[3]

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган.[4]

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды?[5]

## Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. **Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ**. Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү (пайда болуу) ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн **$1/10^{950}$ге** барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500 беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

*Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышынын такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда.*[6]

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

## Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку, теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү натыйжасында ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде *«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»* деп айтууга мажбур болгон.[7]

## Ламарктын таасири

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан.[8]

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

## Нео-Дарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири таралган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – бул нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет**.

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

*Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет.*[9]

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – бул рак оорусу). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

## Фоссилдер: ортоңку звено жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – бул фоссилдер (мис. вулкан атылганда жаныбар, канаттуу же өсүмдүк жабышып катып калган таш калдыктар).

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-канаттуу пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды «ортоңку звенолор (формалар)» деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фоссилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

*Эгер теориям туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фоссил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн.*[10]

Бирок бул сөздөрдү жазган Дарвин мындай ортоңку формалардын фоссилдеринин эч табылбаганын да билчү. Мунун теориясы үчүн чоң бир тупик экенин көрүп турган. Ошондуктан, Түрлөрдүн келип чыгышы китебинин «Теориянын кыйынчылыктары» (Difficulties on Theory) аттуу бөлүмүндө мындай деп жазган эле:

*Эгер чындап эле түрлөр башка түрлөрдөн акырын өнүгүү менен келип чыккан болсо, эмне үчүн сансыз ортоңку өткөөл звенолорго учурабай жатабыз? Эмне үчүн табият бир хаос абалында эмес, толугу менен белгиленген жана орду ордунда? Сансыз ортоңку өткөөл звено болушу керек, бирок эмне үчүн жер бетинин сансыз көп катмарында көмүлүү таппай жатабыз... Эмне үчүн ар бир геологиялык түзүлүш жана ар бир катмар мындай звенолорго толо эмес? Геология жакшы*

*даражаландырылган бир процесс ортого чыгарбоодо жана балким бул менин теорияма каршы айтыла турган эң чоң каршы пикир болот.*[11]

## Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фоссилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

*Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз.*[12]

Башкача айтканда, фоссил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.»[13]

Фоссилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, «түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.

## Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап

адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн.[14]

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш бойунча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат.[15]

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү.[16] Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан.[17]

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.»[18]

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

*Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн.*[19]

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

## Дарвиндин формуласы!

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Кааласаңыз бир

«эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, акылсыз атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт. Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт. Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот.

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

## Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп

аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган даяналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон технология, бул технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

## Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринде бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору жөнүндө көптөгөн терең маалыматтар окуй аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен улам, бардык нерсе заттан гана

турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээ ичиндеги бир канча $см^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголошу зарыл.

## Материалисттик ишеним (дин)

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий табылгаларга ачык карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү ойу илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фоссилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан жашабаганын көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Эмнеге мындай?..

Бул абалдын себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн андан эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо жападан жалгыз материалисттик көз-караш катары жакташууда.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист болгон Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

*Биздин материализмге бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө жасоого зордогон нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө алып келген изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Илахи бир түшүндүрүүнүн ортого чыгышына жол бере албайбыз.*[20]

Бул сөздөр – дарвинизмдин материалисттик философияга байлануу (көз-каранды болуу) үчүн жашатылган бир догма экендигинин ачык баяны. Бул догма заттан башка эч кандай жандык жок деп гипотеза жасайт. Ошондуктан, жансыз, аң-сезимсиз, акылсыз зат жашоону жаратты деп ишенет. Миллиондогон ар түрдүү жандыктарды, мисалы чымчыктар, балыктар, жирафтар, кабыландар, курт-

кумурскалар, дарактар, гүлдөр жана адамдарды заттардын өз-ара реакциялары аркылуу, башкача айтканда, жааган жамгыр, чагылган аркылуу жансыз заттар ичинен жаралып калды деп кабыл алат. Чындыгында болсо бул акылга да, илимге да сыйбайт. Бирок дарвинисттер өз сөздөрү менен айтканда «Илахи бир (Кудай жаратты деген) түшүндүрмөнүн ортого чыкпашы» үчүн мындай нерсени жактоону улантышууда.

Жандуулардын келип чыгышына материалисттик көз-караш менен карабаган адамдар болсо төмөнкү ачык чындыкты көрүшөт: бардык жандыктар – жогорку бир күч-кудурет, илим жана акыл ээси болгон бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бардык ааламды жоктон бар кылып жараткан, эң кемчиликсиз абалда жасаган жана бардык жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын аңдап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**… Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жараткандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жиберишти, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир караштуы, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп, басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир философ болгон, бирок кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

«Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим. Келечек урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат.»[21]

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула баштаашты. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн<br>башка биздин эч кандай илимибиз жок.<br>Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү,<br>өкүм жана хикмат (терең акыл) ээсисиң.»<br>(Бакара Сүрөсү, 32)**

# БУЛАКТАР


1. Sidney Fox, Klaus Dose, Molecular Evolution and The Origin of Life, Marcel Dekker, New York, 1977, s. 2.

2. Alexander I. Oparin, Origin of Life, Dover Publications, New York, 1953, s. 196.

3. "New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", Bulletin of the American Meteorological Society, c. 63, Kasım 1982, ss. 1328-1330.

4. Stanley Miller, Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules, 1986, s. 7.

5. Jeffrey Bada, Earth, Şubat 1998, s. 40.

6. Leslie E. Orgel, "The Origin of Life on Earth", Scientific American, c. 271, Ekim 1994, s. 78.

7. Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 189.

8. Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 184.

9. B. G. Ranganathan, Origins?, The Banner Of Truth Trust, Pennsylvania, 1988.

10. Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 179.

11. Charles Darwin, The Origin of Species, s. 172, 280

12. Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, c. 87, 1976, s. 133.

13. Douglas J. Futuyma, Science on Trial, Pantheon Books, New York, 1983, s. 197.

14. Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, Toplinger Publications, New York, 1970, ss. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, c. 258, s. 389.

15. J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", Scientific American, Aralık 1992.

16. Alan Walker, Science, c. 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı, J. B. Lipincott Co., New York, 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, c. 3, Cambridge University Press, Cambridge, 1971, s. 272.

17. Time, Kasım 1996.

18. S. J. Gould, Natural History, c. 85, 1976, s. 30.

19. Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, Toplinger Publications, New York, 1970, s. 19.

20. Richard Lewontin, "The Demon-Haunted World", The New York Review of Books, 9 Ocak 1997, s. 28.

21. Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s. 43.

Кандай бир дүйнөдө жашап жатасыз?

Катуу бир жердин үстүндө, ичинде адамдар, дарактар, деңиздер же имараттар бар, үстүнөн булуттар сүзүп жүргөн, андан жогоруда ири бир космос боштугу жайылган бир дүйнөбү бул жер?

Сиз болсо бул дүйнөнүн ичиндеги миллиарддаган адамдын бирөөсүсүзбү?

Эгер бул суроолорго «ооба» деп жооп берсеңиз, жаңылышасыз.

Эгер бул суроолорго «ооба» деп жооп берип жатсаңыз, анда сиз абдан маанилүү бир чындыкты өмүр бою билмексен болуп келе жатсаңыз керек.

Себеби сиз жогоруда сүрөттөлгөндөй бир дүйнөдө жашап жаткан жоксуз. Чынында дүйнөңүз бир топ кичине. Бул дүйнөнүн ичинде миллиарддаган километрдик аралыктар жер жарык жылы алыстыгындагы галактикалар мындай турсун, бир канча метрдик бир алыстык да жок. Сиз негизи абдан кичинекей жана жабык бир жерде жашап жатасыз: ири бир мунаранын чокусундагы кичинекей, эшиги кулптанган бир бөлмөдө. Бул бөлмөдөн өмүр бою эч чыккан эмессиз. Бул бөлмөнү таштап эч жерге бара алган эмессиз. Болгону бөлмөнүн дубалдарына чагылтылган ар кандай сүрөттөрдү, адамдарды, жерлерди көрдүңүз. Бөлмөнүн ичиндеги жашыруун колонкалардан чыккан үндөрдү уктуңуз. Чынында мунаранын төбөсүндөгү бул кичинекей бөлмөдө сизден башка эч ким жок.

Жападан жалгызсыз!

Бул мунара сиздин денеңиз, бул мунаранын чокусундагы кичинекей бөлмө (б.а. сиздин дүйнөңүз) болсо мээңиз.

Бул китепте сизге ушул чындыкты айтып беребиз. Бул жерде айтылгандар ушул күнгө чейин сиз көнүп калган көп пикир менен түшүнүккө карама-каршы келет болуш керек. Бирок бул жерде айтылгандар философиялык бир көз-караш же башкача бир жоромол эмес, илим ачкан далилдерге таянган анык бир чындык. Ушул себептен, көнүмүш пикирлерге таянбастан, акыл жана логика менен ойлонгондо, бул чындыкты жокко чыгаруу мүмкүн эмес.

# АВТОР ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Автордун бүт эмгектериндеги орток максаты – бул Куранга чакырууну дүйнөгө жайылтуу, ушундайча адамдарды Аллахтын бар экени, жалгыздыгы жана акырет күнү сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ойлонууга чакыруу жана каапырдык системалардын чирик фундаменттерин жана адашкан иш-аракеттерин көрсөтүү. Автордун бүгүнкү күнгө чейин 60 тилге которулган 300дөн ашуун эмгектери дүйнө жүзүндө көп адамдар тарабынан окулуп жатат.

Харун Яхья эмгектери – Аллахтын буйругу менен- 21-кылымда дүйнө жүзүн Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болот.